DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2025-62-26-34
УДК: 332

**Сарбанова А. А.,** *окутуучу*
*sarbanovaa@iksu.kg*
*ORCID:* 0009-0004-3332-3671
**Жумагулова Ф. М,** *доцент*
*farida@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0001-3028-4927*
**Мурзаканова Н. А.,** *окутуучу*
*murzakanova@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0006-5063-5647*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮНҮН АНЫКТАМАСЫ ЖАНА МАКСАТТАРЫ

*Жергиликтүү экономикалык өнүгүү – белгилүү бир географиялык аймактын экономикалык абалын жакшыртууга багытталган биргелешкен аракеттердин динамикалык процесси. Бул жөн гана экономикалык өсүштү көздөбөстөн, жумуш орундарын түзүүнү, кирешелерди көбөйтүүнү, жашоо сапатын жогорулатууну жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү арттырууну камтыйт. Ал – ар түрдүү кызыкдар тараптардын, анын ичинде мамлекеттик органдардын, жергиликтүү бийликтин, бизнестин, жарандык коомдун жана академиялык чөйрөнүн кызматташтыгын талап кылган комплекстүү процесс. Ийгиликтүү жергиликтүү экономикалык өнүгүү аймактын туруктуулугун, гүлдөп өсүшүн жана жашоочуларынын бакубаттуулугун камсыз кылууга өбөлгө түзөт.*

*Стратегиялык пландаштыруунун контекстинде макроэкономикалык өнүгүүнүн натыйжалуулугунун жана ийгилигинин негизи катары жергиликтүү экономикалык өнүгүү категориясы каралат. Системалык метод илимий концепцияларды жана иштеп чыгууларды теориялык жана методологиялык жалпылоо үчүн колдонулат. Изилдөөнүн натыйжасы болуп жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүнү ачык-айкындуулуктун жана чарбалык органдар менен коомчулуктун өнөктөштүгүнүн принциптеринде пландаштыруунун зарылдыгын негиздөө саналат.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *жергиликтүү экономикалык өнүгүү, административдик-территориялык түзүлүш, социалдык-экономикалык системалар, стратегиялык пландаштыруу, өнөктөштүк.*

**Сарбанова А .А.,** *преподаватель*
*sarbanovaa@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0004-3332-3671*
**Жумагулова Ф. М.,** *доцент*
*farida@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0001-3028-4927*
**Мурзаканова Н. А.,** *преподаватель*
*murzakanova@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0006-5063-5647*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

# ОПРЕДЕЛЕНИЕ И ЦЕЛИ МЕСТНОГО ЭКОНОМИЧЕСКОГО РАЗВИТИЯ

*Местное экономическое развитие — это динамический процесс совместных усилий, направленных на улучшение экономического состояния определенной географической*

*территории. Это включает не только экономический рост, но и создание рабочих мест, увеличение доходов, повышение качества жизни и улучшение конкурентоспособности. Это комплексный процесс, требующий сотрудничества различных заинтересованных сторон, включая государственные органы, местные власти, бизнес, гражданское общество и академическую сферу. Успешное местное экономическое развитие способствует обеспечению устойчивости региона, его процветанию и благосостоянию его жителей. В контексте стратегического планирования местное экономическое развитие рассматривается как основа эффективности и успеха макроэкономического развития. Системный метод используется для теоретического и методологического обобщения научных концепций и разработок. Результатом исследования является обоснование необходимости планирования развития местной экономики на принципах прозрачности и партнерства между хозяйственными органами и обществом.*

***Ключевые слова**: местное экономическое развитие, административно-территориальное устройство, социально-экономические системы, стратегическое планирование, партнерство.*

***Sarbanova A. A.**, college teacher*
*sarbanovaa@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0004-3332-3671*
***Zhumagulova F. M.**, assoc. professor*
*farida@iksu.kg*,
*ORCID: 0009-0001-3028-4927*
***Murzakanova N. A.**, college teacher*
*murzakanova@iksu.kg*
*ORCID: 0009-0006-5063-5647*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol, Kyrgyzstan*

## LOCAL ECONOMIC DEVELOPMENT: DEFINITION AND GOALS

*Local economic development is a dynamic process of collaborative efforts aimed at improving the economic condition of a specific geographical area. It encompasses not only economic growth but also job creation, income enhancement, quality of life improvement, and increased competitiveness.*

*This is a complex process that requires cooperation among various stakeholders, including government bodies, local authorities, businesses, civil society, and the academic sector. Successful local economic development contributes to the sustainability of the region, its prosperity, and the well-being of its residents.*

*In the context of strategic planning, local economic development is viewed as the foundation for the effectiveness and success of macroeconomic development. A systematic approach is used for theoretical and methodological generalization of scientific concepts and developments. The result of the research is to justify the necessity of planning local economic development based on principles of transparency and partnership between economic entities and society.*

***Keywords**: Local economic development, administrative-territorial structure, socio-economic systems, strategic planning, partnership.*

**Киришүү.** Бүгүнкү күндө “Жергиликтүү экономикалык өнүгүү” түшүнүгүнүн бекитилген же жалпы кабыл алынган аныктамасы жок. Кээ бир эксперттердин оюу боюнча, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу үчүн жергиликтүү экономикалык өнүгүү – бул жергиликтүү салык базасын кеңейтүү жана калкты жумуш менен камсыз кылууну көбөйтүү үчүн экономикалык өнүгүүгө жетүү ыкмасы. Кененирээк маанисинде, жергиликтүү экономикалык өнүгүү – бул жаңы иш орундарын түзүү жана сактоо үчүн жергиликтүү катышуучулардын жана мекемелердин жергиликтүү ресурстарды ыктуу колдонууга жасаган аракеттеринин жана ошондой эле бизнес ишмердүүлүгүн күч

алдыруунун жана илгерлетүүнүн кең стратегиясы.

**Илимий иштин максаты** – мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аймактын экономикалык көз карандысыздыгына жетүү жана бийликтин үзгүлтүксүздүгүн камсыз кылуу үчүн жагымдуу шарттарды ишке ашыруусун талдоого алуу. Тышкы жана ички ресурстарды эффективдүү пайдалануу, калкка сапаттуу кызмат көрсөтүү, ошондой эле жамааттын ар бир мүчөсүнүн максаттарын ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү менен мыйзамдардын жана укуктардын сакталышын кепилдөө, чечимдерди кабыл алуу жол-жобосунун ачыктыгын камсыз кылуу, ошондой эле жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүп берүү маселелерин анализдөө.

Өлкөнүн көпчүлүк жарандары жергиликтүү экономикалык өнүгүүнүн маселелерин күнүмдүк турмуштан алыс турган нерсе катары кабыл алышат, бирок элдердин чыныгы экономикалык ишмердүүлүгү белгилүү бир шаарда, айылда, тактап айтканда, муниципалитеттин аймагында ишке ашырылат. Жергиликтүү экономиканын өнүгүүсү – бул жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин өсүшү. Жергиликтүү бюджеттин кирешелери жарандарга кызмат көрсөтүү үчүн өтө маанилүү болуп саналат, себеби жергиликтүү экономикалык өнүгүү башкаруу органдарынын эмес, жарандардын капчыгында көбүрөөк каражат болушуна багытталган.

Бул маселелерди өлкөдө көп учурда алмаштырышат, себеби жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын курамы каржы-экономикалык бөлүмдөрдү камтыйт. Алардын аталышында “экономикалык” деген сөз болгону менен, бул бөлүмдөр жер-жерлерде бизнес чөйрөсүнө же жергиликтүү экономиканы жакшыртууга активдүү катышышпайт. Көпчүлүк учурда ишкерлерден кирешелерди алуунун камын ойлошот, ал эми ишкерлердин муктаждыктары жөнүндө эч ойлонушпайт. Жергиликтүү ишкерлерди “саан уй” катары кабыл алуу адаттары бар, алар ишкерлер менен салыктарды жана башка төлөмдөрдү чогултууга келгенде гана иштешет.

“Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүнү өздөрүнүн жарандарынын кошумча киреше агымы катары кабыл алышканда, ишкерлерге кандай мамиле жасашар эле?” деген суроо туулат. Алар жергиликтүү бизнесмендерден жана потенциалдуу инвесторлордон өздөрүнүн бул процесстеги партнерлорун көрүшмөк.

Киреше – үй-бүлөнүн мүчөлөрүнүн жумуштары бар экендигинин жыйынтыгы, ал эми жумуш орундар − ишкердик ишмердүүлүктүн жыйынтыгы [4, 6-8-бб.].

Ишкананын өздөрү дайым белгилегендей, ишкердик активдүүлүктүн кеңейишине тоскоол болгон төрт себеп бар. Аларга төмөнкүлөр кирет:

1. Жер тилкелеринин жоктугу;
2. Профессионалдуу жумушчу күчтөрүнүн жетишсиздиги;
3. Каржылоонун жоктугу;
4. Жергиликтүү ишкердүүлүккө тиешелүү болгон жергиликтүү бюрократизм жана маселелердеги аракеттердин толук эмес макулдашуусу.

Жогоруда айтылган тоскоолдуктар өнүгүүнүн потенциалдуу багыты катары да каралышы мүмкүн.

<u>Жер тилкелеринин жоктугу.</u> Кээ бир ишканалар тилкелеринин жоктугуна байланыштуу, өздөрүнүн жайгашкан жерлерин таштоого мажбур болууда. Жерлер белгиленген жана татыктуу баада потенциалдуу өздөштүрүүнүн негизинде жеке менчике тиешелүү болуп калат. Көп учурларда жер ээси акыркы мезгилде тилкенин баасын жогорулатат, анткени ал тилке дагы ишкерди кызыктырат.

<u>Эмгек ресурстарынын чектелиши.</u> Өз иш-аракетин кеңейтип жаткан көптөгөн ишканалар, уюмдар квалификациялуу жумушчу күчтөргө муктаж. Ал эми компания жумушчу орундарды толтуруу үчүн жамаатка жумушчу күчтөрдү кийирүү керек болсо,

анда жамаат мындай кеңейтүүдөн эч кандай пайда ала албайт. Мындай учурда жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органы жергиликтүү жумушчу күчтөрүн даярдашы керек. Үйрөтүү жана даярдоо программалары жергиликтүү ишканалардын жумушчу күчүнө болгон керектөөлөрүнө байланышып, кайрадан жаңы түзүлүп жаткан жумушчу орундарына иштөө үчүн жумушсуздарды окутуусу керек. Бул тармакта жардам жумушсуздарды керектүү деңгээлге чейин окута турган жергиликтүү кесиптик мектептер тарабынан көрсөтүлөт деп ойлойбуз.

<u>Жаңы жана кеңейип жаткан ишканалар үчүн каржаттардын жоктугу.</u> Жергиликтүү өкмөттөрдө ишкердүүлүктүн өнүгүшү, жаңы кеңейип жаткан ишканаларга каржылык жардам көрсөтүү боюнча программаларынын жоктугу. Бизнести өнүктүрүүнү стимулдаштыруу үчүн колдонуучу бир топ каржы рычагдары бар. Алардын айрымдары төмөнкүлөр:

- өнөр жайдын өнүгүшүнүн салык салынбаган баалуу кагаздары;
- ипотекалык ишенимдүүлүк;
- пайыздык субсидиялар;
- жеке тармак тарабынан чакан ишканаларды кредиттөө программалары;
- чакан бизнести каржылоо боюнча инвестициялык компаниялар;
- акционердик капитал катары муниципалитеттерге тиешелүү имараттарды жана курулуштарды колдонуу;
- тобокел капиталынын аспаптары үчүн экинчи рынокторду түзүү;
- жергиликтүү ишенимдүү фонддорду түзүү.

Жергиликтүү жөнгө салуу нормалары, тез чечим кабыл алуу механизимдери.

Ишкананын ээси көп учурда түшүнүксүз берилген указдар жана көрсөтмөлөр менен таанышууга туура келет, ошондой эле тиешелүү мыйзамдарга ылайык жардамдарды алууда да кыйынчылыктарга туш болот. Мындан тышкары, муниципалитет тарабынан сунуш кылынып жаткан кызмат көрсөтүүлөрдүн сапаты жана көлөмү керектөөчүлөрдү канааттандырбашы мүмкүн, ал эми аларды өзгөртүү боюнча арызданууларына көңүл кош мамиле жасалып келет. Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары учурдагы нормативдик документтерди жакшыртуусу жана жергиликтүү нормативдик-укуктук актылар түшүнүүгө оңой түрдө берилиши керек.

Кыргызстандын экономикасында, негизинен, аз кирешелүү ишканалар басымдуулук кылат, алардын көпчүлүгүн айыл чарба жана чекене соода ишканалары түзөт. Алар аймактык же эл аралык рыноктордо атаандаштыкка жөндөмдүү эмес.

Бизнеске жана жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүнүн чектелгендиги, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтардын жетишсиздиги, өзгөчө, тоолуу райондордо жашоонун катаал шарттары эмгекчил адамдардын сыртка миграциясына, ошондой эле социалдык чыңалууга өбөлгө түзөт. Географиялык жактан алганда, бул бир калыпта эмес экономикалык өнүгүүнү жаратып, натыйжада инвестициялардын чектелишине жана өндүрүмдүүлүктүн төмөн болушуна алып келет [2, 10-15-бб.]

**Көйгөйлөрдү чечүүнүн жолу жана аларды ишке ашыруу.** Кыргызстанда жергиликтүү өзүн-өзү башкарууну андан ары өнүктүрүү, жарандык коомду калыптандыруу жана өз өлкөбүздүн масштабында экономикалык реформаларды жүргүзүү керектиги жөнүндө сөз болгондо, жергиликтүү экономикалык өнүгүү маселеси бүгүнкү күндө биринчи орунда турат. Муниципалитеттердин экономикасын өнүктүрүү үчүн биримдиктеги үч маселе каралат.

**Биринчиден**, бул шаардагы жана айылдагы жашоочулардын жашоо шартын жогорулатуу, алардын инфраструктурасын өнүктүрүү, социалдык маселелерин чечүү.

**Экинчиден**, өлкөнүн жалпы экономикалык потенциалын чыңдоо.

**Үчүнчүдөн,** жергиликтүү деңгээлде экономикалык чечимдерди кабыл алуу процессинде тургундарды, ишканаларды жана жеке ишкерлерди кошуу аркылуу коомдук кайра түзүүлөрдүн негизин түзүү.

Кыргызстанда жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары өздөрүнүн аймагын экономикалык жактан өнүктүрүүдө пассивдүү тарап болбошу керек. Алар өздөрүнүн муниципалитеттеринин чыныгы өнүктүрүү локомативдери болуулары керек (*кар.* 1-таб.)

*1-таблица*

| № | **Жергиликтүү экономикалык өнүгүүнүн маселелерин чечүүдө жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын эки негизги жолу бар** | **Чечилүү шарттары** |
|---|---|---|
| 1 | Жаңы бизнести, ишкердик ишмердүүлүктү тартуу жана өнүктүрүү | Бизнес кылууга зарыл тармактардын жана кызматтардын иштерине кепилдик берүү үчүн бар болгон ишканаларды колдоо иретинде туура келген шарттарды, ыңгайлуу ишкер климатты түзүүгө активдүү колдоо көрсөтүү керек |
| 2 | Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын маанилүү милдети – аймактын экономикалык потенциалын кеңейтүү | Жергиликтүү экономикалык өнүгүүдө чарбалык элементтерди өнүктүрүү жолу менен: транспорт, байланыш, жер тилкеси, өндүрүштүк имараттар, электр жана суу менен камсыздоо ж. б. |

Азыркы учурда жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын башкы милдеттеринин бири – инвестицияларды табуу, тартуу жана келген инвесторлорду кармап калуу. Ар бир жаңы инвестиция – жаңы жумушчу орундары, болгон ишканалар үчүн жаңы ишкердик мүмкүнчүлүктөр, ошондой эле казынага, анын ичинде жергиликтүү казынага түшө турган кошумча салыктар жана төлөмдөр.

Ошентип, жергиликтүү экономикалык өнүгүү – бул, биринчи кезекте, ишкерлер, компаниялар, жумуш орундары, үй-бүлөлүк кирешенин көбөйүшү, жакырчылыктын жана жумушсуздуктун кыскарышы.

Жергиликтүү экономикалык өнүгүү үч максатты көздөйт:


1. Жергиликтүү экономиканын рыногундагы токтоп калуулардын себептерин жок кылуу (мисалы, кыймылсыз мүл рыногу, жерди эффективдүү иштетүү);
2. Бийлик органдарынын ишиндеги токтоп калууларга жол бербөө (мисалы, ченемдик-укуктук документтерди кабыл алуу, же жергиликтүү инвесторлор үчүн тобокел кылуунун жана келишимдин баасын бир топ жогорулатуучу расмий тараптардын жүрүм-туруму);
3. Келечекте экономиканын нормалдуу өнүгүшүн камсыз кылуу жана бардык адамдардын жашоо сапатын жогорулатуу үчүн аймактын экономикалык потенциалын жогорулатуу.




Жергиликтүү экономикалык өнүгүүнүн башкы максаты болгон ишмердүүлүктүн түрлөрүнүн көбөйүшү, жумуш орундарынын санынын көп болушу жамаатта акча каражатынын кыймылын активдештирүүгө алып барат [1, 6-8-бб.].

Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары тарабынан жамааттардагы экономикалык ишмердүүлүктү колдоонун үч негизги ыкмасы бар:

1. Болгон ишканаларды кармап калуу жана кеңейтүү;
2. Жаңы ишканаларга жардам көрсөтүү жана ишкерлер үчүн өнүгүү программаларын иштеп чыгуу;
3. Жаңы ишканаларды тартуу.




Аймактарды туруктуу өнүктүрүүнү уюштурууда эң маанилүү ролду колдо болгон адам ресурстарын тартуу менен узак мөөнөттүү стратегияларды түзүүчү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ойнойт. Жергиликтүү экономикалык өнүгүү программасы жергиликтүү бийликтердин, ишканалардын жана жергиликтүү тургундардын ортосундагы өнөктөштүктү оптималдаштыруу куралы катары кызмат кылат.

Ишкердикти өнүктүрүү менен алектенген коомдук уюмдар. Булар бизнес-ассоциациялар, бизнести колдоо борборлору, бизнес-инкубаторлор, бизнес-клубдар жана башкалар болушу мүмкүн.

- Суу менен жабдуу жана канализация тутумдарын эксплуатациялоо жана катуу калдыктарды кайра иштетүү менен алектенген коммуналдык кызматтардын жеткиликтүүлүгүнө жана сапатына чарбалык иштин концентрациясы көз каранды.
- Экономиканы өнүктүрүү жаатындагы эксперттер жана адистер, анын ичинде табият таануучулардын, ландшафт архитекторлорунун, жерди пайдаланууну жана жаратылыш ресурстарын эксплуатациялоону пландоочулардын өкүлдөрү.
- Аймактык мамлекеттик мекемелер, анын ичинде алардын экономиканы өнүктүрүү маселелери менен алектенген түзүмдүк бөлүмдөрү.
- Колледждер, институттар, университеттер жана орто мектептер, өзгөчө, экономика, шаар куруу жана башка илимдер бөлүмдөрү.
- Кесиптик бирликтер жана башка кесиптик уюмдар – ишканалардын кызматкерлеринин таламдарынын өкүлү.

➢ Жалпы коомчулуктун конкреттүү кызыкчылыктарын билдирген жергиликтүү тургундар ж. б. у. с.

Белгилей кетчү нерсе, бир дагы жергиликтүү аймак мамлекеттик масштабда ишке ашырылган экономикалык стратегия аркылуу гана ийгиликтүү өнүгө албайт. Ошондой эле, көп учурларда улуттук экономикалык кызыкчылыктар жана трансулуттук фирмалардын кызыкчылыктары жергиликтүү коомчулуктун, анын жумушчу күчтөрүнүн жана жергиликтүү аймактын эң артта калган сегменттеринин керектөөлөрү менен дал келбей калышы мүмкүн экенин да эске алуу керек.

Жергиликтүү жамааттар өзүн-өзү актоочу системаны калыптандыруу үчүн бардык ресурстарды колдонуулары керек. Жергиликтүү багытталган экономикалык өнүгүү – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары колдо болгон ресурстарды башкарып, жеке секторлор менен же бири-бири менен жаңы иш орундарын түзүү жана так аныкталган экономикалык чөйрөдө активдүүлүктү стимулдаштыруу үчүн жаңы өнөктөштүккө кирүү процесси.

Жергиликтүү экономикалык өнүгүү жаңы институттарды калыптандырууну, альтернативдик өндүрүштөрдү түзүүнү, жумушчу күчүнүн квалификациясын жогорулатууну, жаңы рынокторду издөөнү, билимди өткөрүп берүүнү, жаңы фирмаларды жана ишканаларды түзүүнү камтыйт.

Экономиканы өнүктүрүүнүн негизги максаты – жергиликтүү калкты иш менен камсыз кылуу мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуу. Бул максатка жетүү үчүн жергиликтүү администрациялар активдүү роль ойноого тийиш. Тургундарды жумушка орноштуруу мүмкүнчүлүктөрү жергиликтүү администрациянын жана жеке сектордун экономикалык чөйрөдөгү аракеттери менен аныкталат, алар бири-бири менен тыгыз байланышта [3, 18-19-бб.]

Өнүктүрүүнүн институционалдык негизи жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү проблемаларын аныктоодо маанилүү роль ойнойт. Жаңы институционалдык мамилелердин калыптанышы азыркы шарттарда абдан маанилүү. Жергиликтүү жамааттар өздөрүнүн келечеги көз каранды болгон ресурстарды жана маалыматты бириктиргенде гана өз тагдырын башкара алышат. Бул – жабык эмес, ачык саясий процесс, ал жергиликтүү тургундарга өздөрүнүн “экономикалык тагдырын” пландаштырууга мүмкүндүк берет.

Иш менен камсыз кылуу жергиликтүү коомчулукту жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү программаларына тартуунун негизги (кээде жалгыз) себеби болуп саналат. Жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүнүн максаты – эмгектин жана жумуштун «баалуулугун» жогорулатуу; жергиликтүү тургундар үчүн ылайыктуу «сапаттуу» жумуш орундарын түзгөн фирмаларга артыкчылык берүү.

Ыкчам илимий-техникалык өзгөрүүлөрдүн заманбап шарттарында транспорттук жана рыноктук инфраструктуранын болушу экономикалык ийгиликтүү өнүгүүнүн аныктоочу фактору болуп саналган көз караш эскирип калгандай. Жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүнүн жаңы модели географиялык жайгашуу эмес, жагымдуу жергиликтүү социалдык жана институционалдык инфраструктура белгилүү бир аймакка инвесторлорду тартуу фактору экендигинен келип чыгат.

Мындан тышкары, экономикалык өнүгүү планын түзүү процессинде алдыга коюлган максаттар жергиликтүү бийлик органдарынын ишин баалоо критерийлерин түзүү, көйгөйлөрдү аныктоо жана чечимдерди кабыл алуу, ошондой эле уюштуруу структураларын түзүү үчүн негиз болуп саналат. Максаттарды түзмөйүнчө, жергиликтүү бийлик органдарынын башкаруу структураларынын ишин башкаруу жана максаттуу көзөмөлдөө мүмкүн эмес.

Бирок акыркы жылдары мамлекеттик макроэкономикалык саясаттагы кескин бурулуштар стратегиялык пландаштыруунун методологиясын көп багыттуу

стратегияларды иштеп чыгуу менен толуктоо зарылдыгын жаратты. Стратегиялык пландаштыруунун альтернативдик багыттарынын принциби жана максаттарга жетүү жолдору акыркы жылдары стратегиялык пландаштыруунун өзгөчөлүгү болуп калды.

Максаттар түзүлгөндөн жана аларга жетүү үчүн стратегия иштелип чыккандан кийин, жер-жерлерде милдеттерди камтыган жана аларга жетүү жолдорун сүрөттөгөн, ошондой эле инвестициялардын жалпы көлөмүн жана ишке ашыруунун графигин камтыган иш программаларын түзүү керек [1, 64-66-бб.].

**Долбоордун логикалык схемасы.**

Ким жана качан аткарат?
Эмнеге жана кимге керек?
Долбоор кантип аткарылат?
Жыйынтыгында эмне болот?

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун көпчүлүк структураларында жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү уюмунун менеджери бардык иш-чараларга жооп берет, анын ичинде жарнама, коомчулук менен байланыш, чакан бизнеске көмөк көрсөтүү, ишкердикти өнүктүрүү жана башкалар бар.

Чечимдерди кабыл алуу процессин жана белгиленген максаттарды ишке ашыруу үчүн жооптуу жергиликтүү түзүмдөрдүн ишмердүүлүгүн эффективдүү башкаруу да маанилүү. Экономикалык өнүгүү үчүн жооптуу бөлүмдөр долбоор боюнча иш башталганга чейин долбоорду ишке ашыруудан кийин күтүлгөн эффект боюнча материалдарды даярдашат. Экономикалык эффектини баалоо үчүн үч критерий колдонулат:

Биринчиден, жетишкендиктерге мониторинг жүргүзүү, ал корпорациялар тарабынан колдонулган механизмдин натыйжалуулугунун деңгээлин аныктоону камтыйт, ал жетишилген натыйжаларга баа берүүнү жана алардын пландаштырылган иштердин графигине шайкештигин, бекитилген чыгымдардын сметасын жана акыркы натыйжаларды камтыйт. Иштин ар бир этабы үчүн атайын документтер даярдалып, анда чыгымдардын жана пайданын катышы, ошондой эле жетишилген натыйжалардын узак мөөнөттүү стратегиялык максаттарга шайкештиги бааланат. Иштин ар бир этабы үчүн адам-саат менен сарпталган убакыт, салымдардын жалпы суммасы эсептелип, иштин бүткөрүлгөн күнү белгиленет.

Долбоордун үстүндө иштөө процессинде жетишилген натыйжалар графикте бекитилген тапшырмалар менен мезгил-мезгили менен салыштырылып турат. Болжолдуу окуялар ар тараптан бааланат. Аймактарды өнүктүрүүнүн ички мүмкүнчүлүктөрүнө, ошондой эле экономикалык өнүктүрүү уюму тарабынан иштелип чыккан стратегияларга кыйыр түрдө таасир этүүчү тышкы жана ички факторлордун таасирине талдоо жүргүзүлөт. Биз ички мүмкүнчүлүктөрдү мыкты пайдалануу жолдорун издөөбүз керек.

Экинчиден, натыйжалуулугун баалоо. Ар бир долбоор үчүн белгилүү бир критерийлер же стандарттар белгиленет, алар менен долбоор боюнча иштин ийгилиги бааланат.

Үчүнчүдөн, бул долбоордун аймактын социалдык-экономикалык абалына тийгизген таасири жана анын экономикалык турмушундагы өзгөрүүлөр, анын ичинде жаңыдан түзүлгөн ишканалардын саны, жаңы жумуш орундарынын пайда болушу, жумушсуздуктун деңгээли, иш менен камсыз кылуу түзүмүндөгү өзгөрүүлөр жана башкалар бааланат.

Жергиликтүү экономикалык өнүгүү – бул жергиликтүү юрисдикциянын чегинде иш менен камсыз кылуу жана байлыкты өндүрүү үчүн адам жана жаратылыш ресурстарын толук пайдаланууга басым жасаган процесс [4, 64-65-бб.].

**Жыйынтык:** Жергиликтүү экономикалык өнүгүүнү ийгиликтүү ишке ашыруунун негизи – бизнес жамаатынын алгылыктуу салымынын негизинде жергиликтүү жамааттардын бардык кызыктар тараптарынын тыгыз байланышы. Жергиликтүү экономикалык өнүгүү стратегияларынын ийгиликтүү ишке ашкандыгы экономикалык маселелер кимге түздөн-түз тиешелүү болсо, дал ошолор чечимдерди кабыл алуу процессине активдүү катышарын тастыктады. Бул, өз учурунда, жергиликтүү экономикалык өнүгүүнү пландоо процессине бир топ кызыккан тараптардын тобун тартууну талап кылат. Жергиликтүү экономикалык өнүгүүнүн ийгиликтүү башаты – кызматташтык. Ал болсо күчтүү лидердин болушун, муниципалитеттин колдоосун жана иш процессинин ачыктыгын, ишенимдүүлүгүн талап кылат.

Жогорудагы аныктамаларга таянып, жергиликтүү экономикалык өнүгүүнүн бир нече мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар экендигин байкоого болот. Биринчиси – белгилүү бир территорияга колдонмолуулугу. Жергиликтүү экономикалык өнүгүүнүн бул мүнөздөмөсү белгилүү аймактын керектөөлөрүн эске алуу менен, өнүгүүнү борборлоштурууну сунуштайт. Экинчи мүнөздүү өзгөчөлүгү – жумуш орундары менен камсыз кылуу акыркы жыйынтык болушу керек. Үчүнчү эң маанилүү мүнөздөмөсү – бул экономикалык өнүгүү.

Ал – талыкпаган эмгек, чыдамкайлуулук жана ишке болгон берилүү. Кызыккан тараптардын эффективдүү тобу муниципалитеттин калкынын кең колдоосуна ээ болсо, экономикалык өнүгүүнүн стратетегиялык планын түзүүдө өтө маанилүү ролду ойнойт. Бирок кызматташуу процесси дайыма эле башынан аягына чейин бир кылка эле өтө бербейт, активдүү жана кызыккан жамааттын калыптанышы ага сыйлык катары кызмат кылат.

**Адабияттар:**

1. Омуралиева, Д. К. Внедрение стратегии развития на практике органов местного самоуправления : Учебно-методическое пособие / Д. К. Омуралиева и др. - Бишкек, 2015. - 28 с.

3. Сарбанова, А. А. Государственная политика по развитию туризма на местном уровне / А. А. Сарбанова, А. А. Салюев // Вестник Иссык-Кульского университета. - 2014. - № 37. - С. 82-86. - EDN PZMZBQ.

4. Сарбанова, А. А. Значение местного экономического развития / А. А. Сарбанова, А. А. Салюев, Т. К. Эшиева // Вестник Иссык-Кульского университета. - 2014. - № 37. - С. 68-73. - EDN DQIGRO.

5. Сарбанова, А. А. Местные налоги как источник укрепление местного бюджета / А. А. Сарбанова // Вестник Иссык-Кульского университета. - 2012. - № 33. - С. 233-239. - EDN DQIGRO.

6. Влияние налоговой политики на развитие местного самоуправление. / А. А. Сарбанова. // Вестник Иссык-Кульского университета. – 2012. – № 33. – С. 228-233. – EDN DQIGRO.

7. Местное экономическое развитие. – Б.: ЖКЧ «V.R.S. Company», 2010. 91 б.

8. Асанакунов Б. Бюджетные процессы и управление муниципальными ресурсамиь : Метод. пособие для органов местного самоуправлени. / Б. Асанакунов, Б. Бекбасарова. -Б., 2009. -40 с.

9. Жергилктүү бюджеттер жана бюджеттик процесс. - Бишкек: ЖКЧ «V.R.S. Company», 2010. -76 б.